Тиркеме

**Жарандарды медициналык-санитардык жардам менен камсыздоо боюнча мамлекеттик кепилдиктер**
**ПРОГРАММАСЫ**

## 1. Жалпы жоболор

1. Жарандарды медициналык-санитардык жардам менен камсыздоо боюнча мамлекеттик кепилдиктер программасы (мындан ары – Мамлекеттик кепилдиктер программасы) – бул базалык мамлекеттик жана милдеттүү медициналык камсыздандыруу каражаттарынын эсебинен менчигинин түрүнө карабастан саламаттык сактоо уюмдарында Кыргыз Республикасынын саламаттык сактоо жана милдеттүү медициналык камсыздандыруу чөйрөсүндөгү мыйзамдарына ылайык жарандардын медициналык-санитардык жардам алууга укуктарын ишке ашырууну камсыздоочу жарандарга медициналык-санитардык жардам көрсөтүүнүн кепилдеген көлөмү, түрлөрү жана шарттары.

2. Мамлекеттик кепилдиктер программасынын алкагында медициналык-санитардык жардамдын көлөмү милдеттүү медициналык камсыздандыруу жаатындагы ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын консолидацияланган бюджетинин каражаттарынан саламаттык сактоону каржылоонун чегинде аныкталат.

3. Мамлекеттик кепилдиктер программасын каржылоо төмөнкүлөр тарабынан ишке ашырылат:

- милдеттүү медициналык камсыздандыруу жаатындагы ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган;
- жарандардын айрым категорияларын дары-дармек менен камсыз кылуу жана медициналык кызмат көрсөтүүлөрдү медициналык жардамдын жогорку технологиялык (кымбат) түрлөрү боюнча фонддун каражаттарынан каржылоо бөлүгүндө саламаттык сактоо жаатындагы ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган.

4. Мамлекеттик кепилдиктер программасы боюнча медициналык жана фармацевттик кызмат көрсөтүүлөр милдеттүү медициналык камсыздандыруу тармагындагы ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган менен Мамлекеттик кепилдиктер программасын жана милдеттүү медициналык камсыздандыруунун кошумча программасын аткарууга келишим түзүшкөн саламаттык сактоо уюмдары менен дарыкана мекемелери тарабынан көрсөтүлөт.

5. Мамлекеттик кепилдиктер программасынын алкагында медициналык-санитардык жардам алуунун шарты болуп кайрылган бейтаптын жеке инсандыгын тастыктаган документинин, жеңилдик

алууга укугун тастыктаган күбөлүктүн, үй-бүлөлүк дарыгерлер тобуна катталгандыгы, милдеттүү медициналык камсыздандыруу боюнча камсыздандырылгандык статусунун болушу эсептелет.

6. Медициналык-санитардык жардамдын көлөмү жана түрлөрү ушул Мамлекеттик кепилдиктер программасынын 1-3-тиркемелеринде берилген.

1-тиркеме

Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министри ________________________ Г.М. Баатырова

2023-жылдын «___» __________

## Кыргыз Республикасынын жарандары үчүн медициналык-санитардык жардам

### § 1. Амбулаториялык шарттарда көрсөтүлүүчү шашылыш, кечиктирилгис медициналык жардам жана шашылыш консультациялык жардам

1. **Шашылыш медициналык жардам -** ден соолукка олуттуу зыяндын алдын алуу жана/же өмүргө коркунучту четтетүү үчүн кечиктирилгис медициналык кийлигишүүнү талап кылган капыстан катуу ооруларда жана өнөкөт оорулардын курчуган абалында көрсөтүлүүчү медициналык жардам.

**Кечиктирилгис медициналык жардам** – бейтаптын өмүрүнө ачык коркунуч келтирбеген капыстан курч ооруларда жана шарттарда, өнөкөт оорулардын күчөшүндө көрсөтүлүүчү медициналык жардам.

Шашылыш жана кечиктирилгис медициналык жардам төмөнкүлөр тарабынан көрсөтүлөт:

- шашылыш тез медициналык жардам кызматы;
- менчигинин түрүнө карабастан саламаттык сактоо уюмдары;
- шашылыш консультациялык медициналык жардам кызматы.

2. **Шашылыш консультациялык медициналык жардам** күнү-түнү жана саламаттык сактоо уюмдарында дарылануууда жүрүшкөн бардык жарандар үчүн кечиктирилбестен көрсөтүлөт. Шашылыш консультациялык медициналык жардам өзүнө бетме-бет жана сырттан берилүүчү консультациялар менен бирге менчигинин түрүнө карабастан саламаттык сактоо уюмдарында көрсөтүлүүчү практикалык жардамдарды камтыйт. Шашылыш консультациялык медициналык жардам төмөнкү учурларда көрсөтүлөт:

- оорулуунун ден соолугунун абалына байланыштуу анын өмүрүнө коркунуч жаралган учурларда саламаттык сактоо мекемесинде тиешелүү профилдеги жана квалификациядагы дарыгер-адис жок болсо же медициналык илимдин жана практиканын заманбап жетишкендиктеринин деңгээлинде адистештирилген медициналык жардам көрсөтүү үчүн зарыл шарттар жок болсо;
- бейтапка жасалган терапиядан натыйжа болбой, оорулуу адамдын абалы барган сайын начарласа;
- дартты жана дарылоо тактикасын аныктоодогу кыйынчылыктарда;
- оор абалда жаткан оорулуу адамды медициналык жардам көрсөтүүнүн алда канча жогорку деңгээлиндеги саламаттык сактоо уюмуна жеткирүү зарылчылыгында.

3. Шашылыш консультациялык медициналык жардамдын ишин уюштуруу саламаттык сактоо жаатындагы ыйгарым укуктуу орган бекиткен жобого ылайык жүзөгө ашырылат.

4. Шашылыш жана кечиктирилгис медициналык жардам бардык жарандарга дары-дармек каражаттары жана медициналык буюмдар менен камсыздоону кошкондо, бейтаптын өмүрүнө жана ден соолугуна коркунуч туудурган абалдан чыгарылганга чейин акысыз көрсөтүлөт.

## § 2. Баштапкы медициналык-санитардык жардам

5. Амбулаториялык деңгээлде баштапкы медициналык-санитардык жардам Үй-бүлөлүк медицина борборлорунда/Жалпы дарыгерлер практикалык борборлорунда (мындан ары - ҮМБ/ЖДПБ) , анын ичинде үй-бүлөлүк дарыгерлер топторунда/фельдшердик-акушердик пункттарда (мындан ары - ҮДТ/ФАП) төмөнкүлөр тарабынан көрсөтүлөт:

- фельдшердик-акушердик пункттардын фельдшерлери;
- үй-бүлөлүк дарыгерлер топторунун дарыгерлери, үй-бүлөлүк дарыгерлер;
-үй-бүлөлүк медицина борборлорунун жана жалпы дарыгерлер практика борборлорунун адистери.

Амбулаториялык деңгээлде баштапкы медициналык-санитардык жардам медициналык кызмат көрсөтүүлөрдүн базалык пакетин жана кошумча лабораториялык-диагностикалык изилдөөлөрдүн пакетин камтыйт.

6. **Медициналык кызмат көрсөтүүлөрдүн базалык пакети төмөнкүлөрдү өзүнө камтыйт**:

**1) профилактика:**

- ден соолукту сактоо жана чыңдоо боюнча иш-чараларды өткөрүү, сергек жашоо образын калыптандыруу;
- Улуттук алдын алуучу эмдөөлөр календарынын алкагында жана эпидемиологиялык көрсөткүчтөргө ылайык иммунизация өткөрүү;
- эпидемияга каршы иш (инфекция булактарында);
- бейтаптарды жана алардын үй-бүлө мүчөлөрүн өзүн-өзү контролдоого жана өзүнө жана өз ара жардамдашууга окутуу.

Профилактика төмөнкү кызмат көрсөтүүлөрдү өзүнө камтыйт:

1 жашка чейинки балдар үчүн профилактикалык кызмат көрсөтүүлөрдүн пакети:

- темир жетишсиздик анемиясына скрининг;
- ымыркайлардын сарыгына скрининг;

1 жаштан 6 жашка чейинки балдар үчүн профилактикалык кызмат көрсөтүүлөрдүн пакети:

- темир жетишсиздик анемиясына скрининг;

6 жаштан 18 жашка чейинки балдар үчүн профилактикалык кызмат көрсөтүүлөрдүн пакети:

- темир жетишсиздик анемиясына скрининг;

- көрсөткүчтөр боюнча психоактивдүү заттарды колдонууга скрининг жүргүзүү;

Кош бойлуу аялдар жана энелер үчүн профилактикалык кызмат көрсөтүүлөрдүн пакети:

- темир препаратын профилактикалык дайындоо;

- йод препараттарын профилактикалык дайындоо;

- фолаттарды профилактикалык дайындоо;

-гельминттерге каршы препараттарды профилактикалык дайындоо;

- ацетилсалицил кислотасын профилактикалык дайындоо (преэклампсия үчүн жогорку тобокелдик топторунда);

- репродуктивдик курактагы аялдардын аз кандуулугун аныктоо (кандын жалпы анализи),

- кош бойлуу аялдардын заара-жыныс органдарынын жашыруун инфекциясын аныктоо - Грам боюнча түсүн өзгөртүү методу менен бактериурияга зааранын анализи (кош бойлуу аялдарга биринчи үч айлыкта);

- тынчсыздануунун бузулушун жана / же депрессияны аныктоо үчүн скрининг;

- көрсөткүчтөр боюнча психоактивдүү заттарды колдонууга скрининг жүргүзүү;

Жугуштуу эмес оорулардын алдын алуу кызматтарынын топтому:

- жашоо образы, тамактануу боюнча консультациялар, психоактивдүү заттардын (тамеки чегүү, алкоголдук ичимдиктер, баңги заттар) зыяндуулугу жөнүндө сүйлөшүүлөр;

- кант жана кант эмес диабетти аныктоо үчүн скрининг - кандагы жана заарадагы кантты аныктоо;

- артериялык гипертензияны аныктоо;

- артериялык кан басымын контролдоо;

- кант диабети менен ооругандардын канындагы гликирленген гемоглобиндин деңгээлин жылына бир жолу аныктоо жолу менен кант диабетинин алгачкы татаалдашын аныктоо үчүн скрининг: (диабеттик бут жана диабеттик ретинопатия);

- тобокелдик факторлорун (жынысы, жашы, тамеки чегүү, жалпы холестерин, дене салмагынын индекси, кан басымы) аныктоо

жолу менен 18 жаштан жогорку курактагы бардык бейтаптарда жүрөк-кан тамыр тобокелдигин баалоо;

- аялдардын жалпы онкологиялык ооруларын аныктоо (сүт бездерин жана жатын моюнчасын профилактикалык текшерүү)

2) **диагностика:**

- врачтын кабыл алуусу жана консультациясы, зарыл болгон учурда медициналык манипуляцияларды жүргүзүү менен (оорулуунун даттанууларын сурамжылоо, оорунун жана жашоонун анамнезин алуу, оорулууну кароо (пальпация, перкуссия, аускультация, дем алуу жыштыгын эсептөө, жүрөктүн кагышын, пульс, артериялык басымды, сатурацияны өлчөө), болгон анализдерди чечмелөө, алдын ала диагноз коюу, көрсөткүчтөр болсо, шашылыш медициналык жардам көрсөтүү, пландуу дарылоону дайындоо, текшерүүлөргө жолдомо же ооруканага жаткыруу үчүн көрсөткүчтөр бар болсо, стационарга жолдомо берүү);

*Базалык лабораториялык изилдөөлөр:*

- кандын жалпы анализи (гемоглобин, лейкоциттер, эритроциттердин чөгүү ылдамдыгы);

- зааранын жалпы анализи жана заара чөкмөсүнүн микроскопиясы;

- уретрадагы мазоктун микроскопиясы (заара чыгаруучу каналдын микрофлорасынын курамын аныктоо, ошондой эле трихомонад жана гонококк сыяктуу бир катар спецификалык козгогучтарды аныктоо);

- вагиналдык мазоктун микроскопиясы;

- какырык анализи (мазок микроскопиясы);

- кандагы глюкозаны аныктоо;

- заарадагы глюкозаны аныктоо;

- кандагы жалпы холестеринди аныктоо;

- электрокардиограмма;

- кандагы гликирленген гемоглобинди аныктоо (кант диабети менен ооруган бейтаптарга - жылына 1 жолу);

Грам боюнча түсүн өзгөртүү методу менен бактериурияга зааранын анализи (кош бойлуу аялдарга биринчи үч айлыкта);

- 18 жашка чейинки балдардын көрүү курчтугун өлчөө.

**3) дарылоо:**

- кечиктирилгис медициналык жардам көрсөтүү;

- иммобилизация;

- медикаментоздук дарылоону дайындоо;

- медициналык инъекцияларды жасоо (кан тамырга, булчуңга, тери алдына).

**7.** Медициналык кызматтардын базалык пакети Үй-бүлөлүк медицина борборлорунда/Жалпы дарыгерлер практика борборлорунда ҮДТга катталган бардык Кыргыз Республикасынын жарандарына,

анын ичинде качкындарга жана Кыргыз Республикасында башпаанек издеген адамдарга, ошондой эле статусун ырастоочу күбөлүгү болгондо кайрылмандарга акысыз көрсөтүлөт.

**8. Кош бойлуу аялдар үчүн медициналык кызмат көрсөтүүлөрдүн базалык пакети:**

1) физиологиялык кош бойлуулугу менен:

- кандын жалпы анализи,
- зааранын жалпы анализи,
- заарадагы белокту аныктоо,
- кандын тобун аныктоо,
- ВИЧти текшерүү,
- түйүлдүктү ультра үн аркылуу текшерүү,
- сифилис боюнча изилдөө,
- гонорея боюнча изилдөө,
- ооз аркылуу глюкозага толеранттуулукту текшерүү,
- гемоглобиндин деңгээли, кындан жана жатын моюнчасынын каналынан материал алуу,
- Грам боюнча түсүн өзгөртүү методу менен бактериурияга зааранын анализи (кош бойлуу аялдарга биринчи үч айлыкта), көрсөткүчтөр боюнча трихомониазга текшерүү;
- эклампсия тобокелдигинде Темир препараттарын, фолаттарды, аспиринди, йод препараттарын, көрсөткүчтөр болгондо гельминтке каршы препаратты дайындоо .
- көрсөткүчтөр болгондо кургак учукту текшерүү,
- психоактивдүү заттарды колдонууну аныктоо (мындан ары ПАЗ),
- эмчек эмизүү, жаңы төрөлгөн дени сак баланы багуу, төрөттөн кийинки контрацепция жана үй-бүлөнү пландаштыруу, эненин жана жаңы төрөлгөндүн кооптуу белгилери, тамактануу, жашоо образы жана төрөттөн кийинки режим жөнүндө профилактикалык сүйлөшүүлөр.

2) кош бойлуулуктун патологиясы менен, анын ичинде кургак учук жана ВИЧ менен ооругандар:

- амбулаториялык адистештирилген медициналык жардам;
- тобокелдик фактору жогору кош бойлуу аялдарды кароо;
- көрсөтмөлөрү болгон учурда ооруканага жаткыруу.
- төрөттөн кийинки мезгилде 10 жумага чейин аялды кароо:
-төрөттөн кийинки патронаж/үй-бүлөлүк дарыгердин/ медайымдын төрөгөн аялдын үйүнө баруусу;
- төрөттөн кийинки мезгилди баалоо;
- төрөттөн кийинки оорулардын диагностикасы;
-депрессияны / мыкаачылык менен мамилени аныктоо үчүн скрининг жана адистештирилген амбулаториялык жардам;

- эмчек эмизүүгө, жаңы төрөлгөн дени сак балага кам көрүүгө үйрөтүү, төрөттөн кийинки контрацепция жана үй-бүлөнү пландаштыруу, эненин жана жаңы төрөлгөндүн кооптуу белгилери, тамактануу, жашоо образы жана төрөттөн кийинки режим жөнүндө билим берүү.

9. 1 жашка чейинки балдар үчүн медициналык кызмат көрсөтүүлөрдүн базалык пакети төмөнкүлөрдү камтыйт:

- патронаж/үй-бүлөлүк дарыгердин/медайымдын үйгө баруусу;

- кароо жана консультация:

- физикалык, нервдик-психикалык өнүгүүнү баалоо;

- Улуттук эмдөө календарына ылайык эмдөөдөн өткөрүү;

- көрсөткүчтөр бар болсо, тар багыттагы адистердин консультациясы;

- көрсөткүчтөрү болгондо лабораториялык-диагностикалык изилдөөлөрдү дайындоо.

10. 1 жаштан 6 жашка чейинки балдар үчүн медициналык кызмат көрсөтүүлөрдүн базалык топтому төмөнкүлөрдү камтыйт:

- кароо жана консультация:

физикалык, нервдик-психикалык өнүгүүнү баалоо;

Улуттук эмдөө календарына ылайык эмдөөдөн өткөрүү;

темирдин жетишсиздигинен аз кандуулукту текшерүү;

көрсөткүчтөр болгондо лабораториялык-диагностикалык изилдөөлөрдү дайындоо;

- көрсөткүчтөрү бар болсо, тар багыттагы адистердин консультациясы;

- үйгө баруу/үйгө каттоо.

11. 6 жаштан 18 жашка чейинки балдар үчүн медициналык кызмат көрсөтүүлөрдүн базалык пакети төмөнкүлөрдү камтыйт:

- кароо жана консультация:

физикалык, нервдик-психикалык өнүгүүнү баалоо;

Улуттук эмдөө календарына ылайык эмдөөдөн өткөрүү;

көрсөткүчтөр болгондо лабораториялык-диагностикалык изилдөөлөрдү дайындоо;

темирдин жетишсиздигинен аз кандуулукту текшерүү;

флюорография;

-көрсөткүчтөрү бар болсо, тар багыттагы адистердин консультациясы;

тынчсыздануу жана депрессияны аныктоо, суицид коркунучун баалоо;

ПАЗды колдонууну текшерүү.

12. Ушул топтомду берүү шарттары: 0 жаштан 18 жашка чейинки балдар үчүн медициналык кызмат көрсөтүүлөрдүн базалык

топтому - Кыргыз Республикасынын жарандарына акысыз көрсөтүлөт.

13. Лабораториялык диагностикалык изилдөөлөрдүн кошумча пакети:

**Гематологиялык:**

- кандын жалпы анализи (гемоглобин, эритроциттер, лейкоциттер, түстүү көрсөткүч, гематокрит, ретикулоциттер, тромбоциттер, эритроциттердин чөгүү ылдамдыгы);
- кандагы ретикулоциттердин саны;
- кандагы базофилдик дан түрүндөгү эритроциттердин саны;
- безгекке изилдөө жүргүзүү («калың тамчы», кандын мазогу);

**Кан уюу системасы:**

- кандын уюу убактысын аныктоо;
- кан агуу убактысын аныктоо;
- протромбиндик убакытты аныктоо;
- кан плазмасында тромбин убактысын аныктоо;
- кан плазмасында фибриногенди аныктоо;
- кан плазмасында активдүү жарым-жартылай тромбопластин убактысын аныктоо.

**Жалпы клиникалык:**

- Зимницкий боюнча заара анализи;
- Нечипоренко боюнча заара анализи;
- заарадагы суткалык протеинурияны аныктоо;
-БКда какырыктын бактериоскопиясы (кургак учукка какырыктын анализи);
- урогениталдык мазокту жалпы клиникалык изилдөө;
- заңды изилдөө (копрограмма);
- заңда жашыруун канды аныктоо;

**Биохимиялык:**

- кандагы жалпы билурубинди аныктоо;
- кандагы түз билирубинди аныктоо;
- кандагы тимол үлгүсү;
- кандагы жалпы белокту аныктоо;
- кандагы альбуминди аныктоо;
- кандагы креатининди аныктоо;
- кандагы мочевинаны аныктоо;
- кандагы аланин аминотрансферазаны (АлТ) аныктоо;
- кан сывороткасында аспартат аминотрансферазаны (АсТ) аныктоо;
- кандын сывороткасындагы темирди аныктоо;
- кандын сывороткасындагы калийди аныктоо;
- кандын сывороткасындагы кальцийди аныктоо;

- кандын сывороткасындагы магнийди аныктоо;
- кандын сывороткасындагы натрийди аныктоо;
- кандын сывороткасындагы заара кислотасын аныктоо;

**Иммунологиялык методдор:**

- кан сывороткасындагы «О» антистрептолизинин аныктоо;
- кандын сывороткасындагы С-реактивдүү протеинди (СРБ) жарым сандык/сапаттык жактан аныктоо;
- бруцеллезге кандын сывороткасында Хеддельсон реакциясын коюу;
- бруцеллезге кандын сывороткасында Райт реакциясын коюу;
- кандын сывороткасында HBs-Ag аныктоо (В гепатитинин вирусунун үстүртөн алынган антигени);
- сифилиске микрореакция (RPR-тест). Кан сывороткасында Вассерман реакциясын коюу.

**Аспаптык:**

- флюорография;
- эзофагогастродуоденоскопия;
- ультра үн изилдөөсү (ички органдар, жамбаш жана бездер);
- рентгенография (көкүрөк клеткасынын, ич көңдөйүнүн органдары, сөөктөр жана жумшак ткандар).

14. Жолдомо болгон учурда кошумча лабораториялык-диагностикалык изилдөөлөрдү жүргүзүүнүн шарттары:

- ультра үн изилдөөсү (ички органдар, жамбаш жана бездер) жана рентгенография (көкүрөк клеткасынын, ич көңдөйүнүн органдары, сөөктөр жана жумшак ткандар) 17-параграфтын I, II, III бөлүмдөрүндө көрсөтүлгөн адамдарга монополияга каршы саясат боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган менен макулдашуу боюнча саламаттык сактоо жаатындагы ыйгарым укуктуу орган тарабынан бекитилген Баалардын прейскуранты боюнча медициналык кызматтын баасынан 50% жеңилдик менен жүргүзүлөт.
- Кошумча топтомго кирген лабораториялык-диагностикалык изилдөөлөр (ушул Программанын 13-пункту) 17-параграфтын I, II, III бөлүмдөрүндө көрсөтүлгөн адамдарга (камсыздандырылган адамдар, социалдык-аялуу категория, медициналык көрсөткүчтөр боюнча) акысыз жүргүзүлөт.
- камсыздандырылбаган калк үчүн кошумча лабораториялык-диагностикалык изилдөөлөр Баалардын прейскурантына ылайык акы төлөөнүн негизинде жүргүзүлөт

15. Ушул Мамлекеттик кепилдиктер программасы менен аныкталган кошумча пакетке кирбеген лабораториялык-диагностикалык изилдөөлөр жарандар тарабынан Баалардын прейскурантына ылайык төлөнөт.

16. Үй-бүлөлүк медицина борборлорунда, Жалпы дарыгерлер практика борборлорунда тиешелүү адистер жана/же лабораториялык жана диагностикалык изилдөөлөрдүн айрым бир түрлөрүн (кымбат баалуу лабораториялык жана диагностикалык изилдөөлөр менен манипуляцияларды эске албаганда) өткөрүү үчүн шарттар болбогон учурда, аталган изилдөөлөр келишимдин негизинде башка саламаттык сактоо уюмдарында жүргүзүлөт. Изилдөө үчүн акы төлөө бейтапты жөнөткөн саламаттык сактоо уюму тарабынан жүргүзүлөт. Ошол эле учурда изилдөө жүргүзүлүп жаткан саламаттык сактоо уюмунда бейтаптан кошумча төлөм алынбайт.

Ушул Мамлекеттик кепилдиктер программасынын базалык же кошумча пакетине кирген бул кызматтарды көрсөтүү үчүн акы төлөөгө алып келген саламаттык сактоо уюму менен лабораториялык жана диагностикалык изилдөөлөрдүн айрым түрлөрүн жүргүзүүгө кызмат көрсөткөн саламаттык сактоо уюмунун ортосунда келишим жок болсо, бейтапты жөнөткөн саламаттык сактоо уюму бейтаптан келип түшкөн арыздын негизинде төлөгөндүгү жөнүндө квитанция болгондо төлөнгөн сумманы бейтапка кайтарып берет.

17. Каттоодон өтпөгөн калкка медициналык кызмат көрсөтүүлөр алардын жеңилдиктерге укугу бар-жогуна карабастан, монополияга каршы саясат боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган менен макулдашуу боюнча саламаттык сактоо жаатындагы ыйгарым укуктуу орган тарабынан бекитилген Баалардын прейскурантына ылайык акы төлөнүүчү негизде жүргүзүлөт.

18. Орто жана жогорку кесиптик окуу жайларына жумушка, окууга кирүүдө, айдоочулук күбөлүктөрдү жана куралдарды алууда, ошондой эле декреттелген контингенттин жарандарынын ден соолугунун абалын пландуу медициналык күбөлөндүрүү саламаттык сактоо чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган тарабынан аныкталган тартипке ылайык бюджеттик мектепке чейинки балдар мекемелеринин, орто жалпы билим берүүчү мекемелердин кызматкерлеринен башкасына акы төлөнүүчү негизде жүргүзүлөт.

## § 3. Амбулаториялык деңгээлде көрсөтүлүүчү калыбына келтирүүчү жана физиотерапиялык жардам

19. Калыбына келтирүүчү жана физиотерапиялык жардам адистин жолдомосу болгон учурда ҮМБ/ЖДПБларда жарандарга дары-дармек каражаттарын бербестен көрсөтүлөт.

20. Амбулаториялык деңгээлде калыбына келтирүүчү жана физиотерапиялык кызмат көрсөтүүлөр:

- гальванизация;
- электрофорез;

- ультра жогорку жыштык терапиясы (УЖЖ);
- ультра үн терапиясы;
- ультра үн терапиясы;
- ультрафиолет нурлануусу.

21. Амбулаториялык деңгээлде калыбына келтирүүчү жана физиотерапиялык жардам көрсөтүүнүн шарттары:

- ушул Мамлекеттик кепилдиктер программасынын 17-параграфынын I, II, III бөлүмдөрүндө көрсөтүлгөн жарандарга акысыз;

- ушул Мамлекеттик кепилдиктер программасынын 17-параграфынын I бөлүмүндө көрсөтүлгөн жарандарга монополияга каршы саясат боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган менен макулдашуу боюнча саламаттык сактоо жаатындагы ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган тарабынан бекитилген Баалардын прейскурантына ылайык медициналык кызмат көрсөтүүнүн наркынын 50 пайызы өлчөмүндө жеңилдетилген шарттарда көрсөтүлөт.

## § 4. Стационардык-ордун алмаштыруучу жардам

22. Кыргыз Республикасынын жарандарына стационардык-ордун алмаштыруучу жардам (күндүзгү стационар) ҮМБ/ЖДПБнын Стационардык-ордун алмаштыруучу жардам бөлүмдөрү тарабынан ҮДТда каттоого турган жана үй-бүлөлүк дарыгердин жолдомосун алган шартта дары-дармек каражаттарын жана медициналык багыттагы буюмдарды бербестен көрсөтүлөт.

23. Калыбына келтирүүчү жана физиотерапиялык медициналык жардам көрсөтүүнүн шарттары:

- ушул Программанын 17-параграфынын II бөлүмүндө көрсөтүлгөн жарандар үчүн (жарандардын социалдык жактан аялуу категориялары) акысыз;

- ушул Программанын 17-параграфынын I жана III бөлүмдөрүндө көрсөтүлгөн жарандарга монополияга каршы саясат боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган менен макулдашуу боюнча саламаттык сактоо жаатындагы ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган тарабынан бекитилген Баалардын прейскурантына ылайык медициналык кызмат көрсөтүүнүн наркынын 50 пайызы өлчөмүндө жеңилдетилген шарттарда көрсөтүлөт.

- бардык калган жарандарга стационарды алмаштыруучу медициналык жардам монополияга каршы саясат боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган менен макулдашуу боюнча саламаттык сактоо жаатындагы ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган тарабынан бекитилген Баалардын прейскуранты боюнча акы төлөнүүчү негизде көрсөтүлөт.

**§ 5. Амбулаториялык шартта адистештирилген медициналык-санитардык жардам (АДБ/ КДБ)**

24. Амбулаториялык шартта адистештирилген медициналык жардам төмөнкү адистер тарабынан көрсөтүлөт:
- Үй-бүлөлүк медицина борборлорунун;
- Жалпы дарыгерлер практикалык борборлорунун;
-стационарлардын амбулаториялык-диагностикалык бөлүмдөрүнүн;
-стационарлардын консультациялык-диагностикалык бөлүмдөрүнүн;

25. Амбулаториялык шартта адистештирилген медициналык жардам көрсөтүүнүн шарттары (АДБ/КДБ):

- адистештирилген медициналык жардам амбулаториялык шарттарда ҮМБ/ЖДПБ деңгээлинде 1-4-параграфтарда аныкталган шарттарда көрсөтүлөт;

- стационарлардын деңгээлинде амбулаториялык шарттарда адистештирилген медициналык жардам, анын ичинде АДБ/ КДБ стационарлардын адистеринин кабыл алуусу, кароосу, кеңеш берүүсү жана дарылоону дайындоо 17-параграфтын I-II-III бөлүмдөрүндө көрсөтүлгөн жарандар үчүн БМСЖ (ҮМБ/ЖДПБ) адисинин жолдомосу болгондо акысыз жүргүзүлөт;

- стационарлардын АДБ/КДБсында ушул Программанын 6 жана 13-пункттарында көрсөтүлгөн лабораториялык-диагностикалык изилдөөлөр БМСЖ (ҮМБ/ЖДПБ) адисинин жолдомосу болгон учурда жөнөткөн БМСЖ уюмунун эсебинен акысыз жүргүзүлөт;

- стационарлардын АДБ/КДБсында ушул Мамлекеттик кепилдиктер программасынын 6 жана 13-пункттарында көрсөтүлгөн изилдөөлөрдөн тышкары лабораториялык-диагностикалык изилдөөлөр БМСЖ адисинен (ҮМБ/ЖДПБ) адисинин жолдомосу болгон учурда монополияга каршы саясат боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган менен макулдашуу боюнча саламаттык сактоо жаатындагы ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган тарабынан бекитилген Баалардын прейскуранты боюнча акы төлөнүүчү негизде жүргүзүлөт.

- Стационарлардын АДБ/КДБсында амбулаториялык бейтаптарга калыбына келтирүүчү, физиотерапиялык, стационарды алмаштыруучу жардам жеңилдиктерге укуктарынын болушуна карабастан акы төлөнүүчү негизде монополияга каршы саясат боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган менен макулдашуу боюнча саламаттык сактоо жаатындагы ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган тарабынан бекитилген Баалардын прейскуранты боюнча көрсөтүлөт.

26. Стационардын АДБ/КДБсына ҮМБ/ЖДПБ адисинин жолдомосу жок кайрылган жарандар жеңилдик алууга укугу бар экендигине карабастан, монополияга каршы саясат боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган менен макулдашуу боюнча саламаттык

сактоо жаатындагы мамлекеттик орган тарабынан бекитилген медициналык кызматтарга Баалардын прейскуранты боюнча акы төлөө жүргүзүлөт.

27. Жарандар жеңилдиктерге укугу бар экендигине карабастан кымбат баалуу изилдөөлөрдүн жана манипуляциялардын наркын өз алдынча төлөшөт. Кымбат баалуу изилдөөлөрдүн жана манипуляциялардын наркы Баалардын прейскурантына ылайык аныкталат.

## § 6. Дары-дармек каражаттары жана вакцина менен камсыз кылуу

27. Ушул Мамлекеттик кепилдиктер программасынын алкагында жарандарды дары-дармек каражаттары менен камсыз кылуу жарандарды базалык мамлекеттик жана милдеттүү медициналык камсыздандыруу жаатындагы мамлекеттик саясатты ишке ашыруучу аткаруу органынын бюджетинин каражаттарынан каржылоонун чегинде Кыргыз Республикасынын Министрлер кабинети тарабынан бекитилүүчү Кыргыз Республикасында жашоо үчүн маанилүү дары-дармек каражаттарынын тизмесине ылайык жүзөгө ашырылат.

28. Дары-дармек менен камсыз кылуу төмөнкүдөй ишке ашырылат:

- кечиктирилгис / шашылыш медициналык жардам көрсөтүүдө;
- иммунопрофилактикада;
- стационардык жардам көрсөтүүдө;
- амбулаториялык деңгээлде клиникалык көрсөткүчтөр боюнча айрым ооруларда.

29. Бардык жарандарга кечиктирилгис/шашылыш медициналык жардам көрсөтүүдө дары-дармек каражаттары жана медициналык багыттагы буюмдар акысыз берилет.

30. Жарандарды медициналык кабыл алуунун жүрүшүндө зарыл болгон манипуляциялар, текшерүүлөр ҮМБ/ЖДПБ сатып алган дары-дармек каражаттарын пайдалануу менен жүргүзүлөт.

31. ҮМБ, ЖДПБларда, стационарларда кутурма оорусун жуктуруп алуу коркунучу бар бейтапка эпидемиологиялык көрсөткүчтөр боюнча кутурмага каршы жардам көрсөтүү акысыз.

32. Дары-дармек каражаттарын дайындоо эл аралык патенттелбеген аталышы (ЭПА) боюнча жүргүзүлөт жана бейтаптын медициналык документтерине жазылат.

33. Саламаттык сактоо уюмдары тарабынан дары-дармек каражаттарын сатып алуу саламаттык сактоо уюмдарынын керектөөлөрүн эске алуу менен мамлекеттик сатып алуулар жаатындагы Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык

жүргүзүлөт. Мында кошумча тизме боюнча дары-дармек каражаттарын сатып алуу дары-дармек каражаттарын сатып алууга багытталган каражаттардын жалпы жылдык көлөмүнүн жана жашоого маанилүү дары-дармектердин тизмесинин он пайызынан ашпоого тийиш.

## § 7. Амбулаториялык деңгээлде жарандарды жеңилдетилген дары-дармек менен камсыздоо

34. Айрым ооруларда жеңилдетилген дары-дармек менен камсыздоо:

Дары-дармек каражаттарын узак же туруктуу колдонууну талап кылган төмөнкү өнөкөт оорулары бар бейтаптар үчүн дары-дармек каражаттары төмөнкү ооруларда акысыз берилет:

- инсулинге көз каранды кант диабети;
- инсулинге көз каранды эмес кант диабети;
- кантсыз диабет;
- гемофилия, анын ичинде 18 жашка чейинки балдар;
- кургак учук.

1-таблица

Жылына бир адамга дары-дармек каражаттарын берүү ченемдери:

| Оорунун аталышы | Дары-дармек каражатынын жана медициналык багыттагы буюмдун аталышы | Жылына 1 оорулууга берүү ченеми | Сатып алуу үчүн жооптуу |
|---|---|---|---|
| Инсулинге көз каранды кант диабети | Инсулиндер, шприцтер | Муктаждыкка жараша | ССМ |
| Инсулинге көз каранды эмес кант диабети | Метформин | 5 таңгак (600 таблетка) | ССМ |
| Кантсыз диабет | Десмопрессин (спрей,таблетка) | 36 мг | ССМ |
| Гемофилия | Криопреципитат 15 мг | 20 флакон | ССМ |
| Кургак учук | DOTS программасы боюнча | Муктаждыкка жараша | ССМ |
| Гемофилия менен ооруган 18 жашка чейинки балдар | VIII/IX фактордогу концентраттар | 13000 МЕ | ССМ |

Керектөө саламаттык сактоо уюмунун эсебинде турган оорулуулардын санына жана саламаттык сактоо чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган тарабынан каржылоонун көлөмүнө жараша аныкталат.

35. Дары-дармек каражаттары жана медициналык буюмдар ушул Программанын 34-пунктунун 1-таблицасында көрсөтүлгөн берүү ченемдерине ылайык ҮМБ/ЖДПБ аркылуу, Бишкек шаарында Шаардык эндокринологиялык диспансер аркылуу акысыз берилет.

36. Гемофилия менен ооруган балдарга медициналык жардам көрсөтүү үчүн VIII/IX кан факторлорунун концентраттарын берүү ҮМБ/ЖДПБ аркылуу жана шашылыш учурларда саламаттык сактоо уюмдарынын адистештирилген стационардык бөлүмдөрү аркылуу жүргүзүлөт.

37. Дары-дармек каражаттарын жана медициналык багыттагы буюмдарды эсепке алуу, сактоо жана берүү Кыргыз Республикасынын саламаттык сактоо чөйрөсүндөгү мыйзамдарында белгиленген тартипте жүзөгө ашырылат.

38. Врачтын рецепттери боюнча жеңилдетилген дары-дармек менен камсыздоо дарыкана тармагы аркылуу:

Бейтаптарга жеңилдетилген рецепттер фельдшердик-акушердик пункттардын фельдшерлери, үй-бүлөлүк дарыгерлер тобунун дарыгерлери, ҮМБ/ЖДПБ адистери тарабынан жазылат.

39. Жеңилдетилген рецепттер боюнча дары-дармек каражаттары төмөнкү ооруларда ҮДТда каттоодо турган жана катталган бейтаптарга дарыкана тармагы аркылуу берилет:

- параноялык шизофрения менен ооругандар;
- ар кыл генездеги аффективдүү бузулуулар менен ооругандар;
- талма менен ооругандар;
- бронхиалдык астма менен ооругандар;
- гипертониялык оору менен ооругандар;
- терминалдык баскычтагы онкологиялык оорулуулар.

40. Жеңилдетилген рецепттер боюнча дары-дармек каражаттарын берүү ченемдери 2-таблицада келтирилген.

2-таблица

Жеңилдетилген рецепттер боюнча дары-дармек каражаттарын берүү ченемдери

| № | Оорунун аталышы | Дары-дармек каражатынын жана медициналык багыттагы буюмдун аталышы | Жылына 1 оорулууга берүү ченеми |
|---|---|---|---|
| 1 | Терминалдык | Кетопрофен, инъекция үчүн | 49000 мг |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | баскычтагы онкологиялык оорулар | ампулалар, таблеткалар | |
| | | же морфин гидрохлориди, инъекция үчүн ампулалар, таблеткалар | 5000 мг |
| | | же трамадол, инъекция үчүн ампулалар, таблеткалар | 44000 мг |
| 2 | Психикалык бузулуулар менен ооругандар (талма, шизофрения, аффективдик бузулуулар) | Галоперидол, таблеткалар, инъекция үчүн ампулалар | 3200 мг |
| | | Тригексифенидил, таблеткалар | 1000 мг |
| | | Клозапин, таблеткалар, же хлорпромазин, таблеткалар | 17000 мг |
| | | Амитриптилин, таблеткалар | 14500 мг |
| | | Клоназепам, таблеткалар | 560 мг |
| | | Фенобарбитал, таблеткалар | 38000 мг |
| | | же карбамазепин, таблеткалар | 140000 мг |
| 3 | Бронхиалдык астма | Сальбутамол, ингаляция үчүн аэрозоль | 100 мг |
| | | Бекламетазон, ингаляция үчүн аэрозоль | 200 мг взрослым/100 мг детям |
| | | Преднизолон, таблеткалар | 4100 мг |
| 4 | Гипертониялык оору | Бисопролол, таблеткалар | |

Ушул Мамлекеттик кепилдиктер программасынын 39-пунктунда көрсөтүлгөн оорулуулар үчүн саламаттык сактоо уюмунун финансылык каражаттарынын чегинде жеңилдетилген рецепттерди кошумча жазып берүүгө жол берилет.

41. Дарыкана тармагы аркылуу жеңилдетилген рецепттер боюнча дары-дармек менен камсыз кылуу милдеттүү медициналык камсыздандыруу боюнча камсыздандырылган жарандарга берилет.

42. Жашоо үчүн маанилүү дары-дармек каражаттарынын тизмесинин негизинде дарыкана тармагы аркылуу калкка берилүүчү жеңилдетилген рецепттер боюнча дары-дармек каражаттарынын тизмеси саламаттык сактоо жаатындагы ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган тарабынан аныкталат. Жашоо үчүн маанилүү дары-дармек каражаттарынын тизмесине кирбеген генерикалык аталыштардын 10 пайызынын чегинде дары-дармек каражаттары бул тизмеге кошумча киргизилиши мүмкүн.

## § 8. Стоматологиялык жардам

43. Стоматологиялык жардам ушул Мамлекеттик кепилдиктер программасынын алкагында жарандарды базалык мамлекеттик жана милдеттүү медициналык камсыздандыруу жаатындагы мамлекеттик саясатты ишке ашыруучу аткаруу органы менен келишим түзгөн стоматологиялык бейтапканалар жана ҮМБ/ЖДПБнын стоматологиялык бөлүмдөрү (кабинеттери) тарабынан көрсөтүлөт.

44. Мамлекеттик кепилдиктер программасы боюнча стоматологиялык жардам калктын төмөнкү категорияларына көрсөтүлөт:

- 10 жашка чейинки балдарга;
- 70 жашка чейинки пенсионерлерге;
- ҮМБ/ЖДПБда кош бойлуулугу боюнча каттоодо турган аялдарга;
- Милдеттүү медициналык камсыздандыруу боюнча камсыздандырылган жарандарга;
- 17-параграфтын II бөлүмүндө көрсөтүлгөн калктын социалдык жактан аярлуу категориясына.

45. Кечиктирилгис стоматологиялык жардам - курч ооруларда, оор абалдарда, өмүргө коркунуч туудурган ачык белгилери жок өнөкөт оорулардын курчушунда көрсөтүлүүчү медициналык жардам, аны көрсөтүүнү белгисиз убакытка кечиктирүү бейтаптын абалынын начарлашына алып келет. Медициналык кызмат амбулаториялык шарттарда көрсөтүлүшү мүмкүн.

Кечиктирилгис стоматологиялык жардамды талап кылган абалдарга төмөнкүлөр кирет:

-пульпит (курч же өнөкөт оорунун күчөшү);
-периодонтит (курч же өнөкөт оорунун күчөшү);
- жаак-бет жаракаттары (мисалы, жаактын чыгып кетиши же тиштин сынышы);
- жаак-бет аймагынын одонтогендик жана одонтогендик эмес сезгенүү ооруларынын, стоматиттин күчөшү.

Кечиктирилгис стоматологиялык жардам төмөнкү зарыл болгон медикаменттер менен камсыз кылууну камтыйт:

- стоматологиядагы жергиликтүү анестезия;
- стоматологияда новокаин блокадасы;
- стоматологияда колдонулган аппликация түрүндөгү анестезия;
- ооз ичиндеги контакт рентгенографиясы;;
- медициналык дарылоо менен тиш көңдөйүн ачуу;
- бир кариоздук көңдөйдү калыптандыруу жана дарылоо;
- убактылуу пломбаны алып салуу;
- амальгам пломбасын же курама материалды алып салуу;

- девитализациялоочу медикаменттерден аппликация (аралык сеанс);

- периодонтитти дарылоодо тиш трепанациясы (наркоздун баасы жок);

- каналды механикалык-дары менен тазалоо;

- жабылып калган каналды механикалык жана химиялык кеңейтүү;

- убактылуу пломба коюу;

- тишти сууруп алуу;

- тишти сууругандан кийин таңуу (тешикти дары менен тазалоо);

- 1 татаал тишти сууруп алуу;

- пародонт абсцессин ачуу;

- абсцессти ачуу, дренаж.

46. Стоматологиялык жардам кызмат көрсөтүүлөрдүн базалык жана кошумча пакеттерин өзүнө камтыйт.

**47. Стоматологиялык жардамдын базалык пакети**:

**1). Профилактика:**

-калкты тишке жана ооздун былжырлуу челине кам көрүүнүн санитардык-гигиеналык көндүмдөрүнө үйрөтүү;

-мектепке чейинки билим берүү уюмдарындагы балдардын, жалпы билим берүү уюмдарындагы окуучулардын, кош бойлуулугу боюнча каттоого турган аялдардын ооз көңдөйүн профилактикалык кароо:

-беттин ассиметриясын, тиштөө патологиясын аныктоо (жаактын туура же туура эмес катышы, бет скелетинин өзгөрүшү, жогорку жана төмөнкү жаак системасынын иштеши);

-пародонтит кариесинин, тиштөөнүн бузулушунун диагностикасын, ошондой эле ооз көңдөйүнүн жана жаак–бет жагынын залалдуу жана рак алдындагы ооруларын аныктоо;

- ооз көңдөйүндө ооруну козгогон бактериялардын болушун текшерүү;

-ооздун гигиенасы боюнча сунуштар, ооз көндөйүнүн гигиенасынын индексин аныктоо, тиешелүү гигиеналык каражаттарды тандоо, диетаны дайындоо;

-минералдаштыруучу препараттар менен иштетүүнүн көрсөткүчтөрүн жана эселүүлүгүн аныктоо, минералдаштыруучу препараттарды жергиликтүү колдонуу.

**2). Ооз көңдөйүн санациялоо** – бул текшерүү, көйгөйдү аныктоо, тиш бүйлөсүн дарылоо, таштардан жана тактардан арылуу.

48. Стоматологиялык жардамдын кошумча пакети.

- тиш ооруларын дарылоо:

1) тиш кариеси, анын ичинде.:

эмаль кариеси;

дентин кариеси;
цемент кариеси;
тиштин токтоп калган кариеси;
одонтоклазия;
башка тиш кариеси;
такталбаган тиш кариеси.
2) пульпа жана периапикалык ткандардын оорулары:
пульпит;
пульпа некрозу;
пульпа дегенерациясы;
пулпадагы катуу ткандардын туура эмес калыптанышы;
пульпадан келип чыккан курч апикалдык периодонтит;
өнөкөт апикалдык периодонтит;
периапикалдык абсцесс көңдөйү менен;
периапикалдык абсцесс көңдөйсүз;
тамырланган киста;
пульпа жана периапикалдык ткандардын башка такталбаган оорулары.

49. Стоматологиялык жардам көрсөтүүнүн шарттары:

- стоматологиялык жардам көрсөтүүнүн базалык пакети ушул Программанын 44-пунктунда көрсөтүлгөн калк үчүн акысыз көрсөтүлөт;
- стоматологиялык жардам көрсөтүүнүн кошумча пакети:

ушул Программанын 17-параграфынын II бөлүмүндө көрсөтүлгөн жарандардын категориялары үчүн акысыз;

ушул Программанын 17-параграфынын I бөлүмүндө көрсөтүлгөн жарандардын категориялары үчүн монополияга каршы саясат боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган менен макулдашуу боюнча саламаттык сактоо жаатындагы ыйгарым укуктуу орган тарабынан бекитилген стоматологиялык кызмат көрсөтүүлөр үчүн Баалардын прейскуранты боюнча 50% арзандатуу менен.

Калктын калган категориясы монополияга каршы саясат боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган менен макулдашуу боюнча саламаттык сактоо жаатындагы ыйгарым укуктуу орган тарабынан бекитилген стоматологиялык кызмат көрсөтүүлөрдүн бирдиктүү Баалардын прейскурантына ылайык баасын толук төлөйт.

50. Ушул Программанын 47-48-пункттарында көрсөтүлгөн кызматтардын тизмегинен ашкан стоматологиялык кызмат көрсөтүүлөр калк тарабынан, алардын жеңилдиктерге укугу бар-жогуна карабастан, монополияга каршы саясат боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган менен макулдашуу боюнча саламаттык сактоо жаатындагы ыйгарым укуктуу орган тарабынан бекитилген Баалардын прейскурантына ылайык бааларын толугу менен төлөшөт.

## § 9. Стационардык жардам

51. Стационардык жардам медициналык документтерди жүргүзүүнү жана тариздөөнү, палатада болууну (жогорку ыңгайлуулуктагы палаталардан тышкары), клиникалык протоколдорго/клиникалык колдонмолорго ылайык терапиялык же хирургиялык дарылоону, оорукананын тизмесине ылайык наркоздук каражаттарды кошкондо дары-дармек каражаттарын берүүнү, тамактанууну, маалым кат же бейтаптын стационардык картасынан көчүрмө берүүнү камтыйт.

52. Стационардык жардам шашылыш жана пландуу болушу мүмкүн.

53. Шашылыш көрсөткүчтөр боюнча стационардык жардам өмүргө коркунуч туудурган абалдан чыгарылганга, гемодинамика жана дем алуу көрсөткүчтөрү турукташканга чейин бардык жарандарга акысыз көрсөтүлөт.

Андан кийин бейтаптар стационарда пландуу дарылоого же амбулаториялык шарттарда дарылоого которулат.

54. Бейтаптарга пландуу стационардык жардам ҮМБ/ЖДПБ, стационарлардын АДБ/КДБ жана ведомстволук медициналык кызматтардын дарыгери тарабынан госпиталдаштырууга жөнөтүлгөндө көрсөтүлөт.

55. Пландуу госпиталдаштырууда бейтаптын ооруканага жаткырууга жолдомосунан тышкары төмөнкүлөр болушу керек: (а) инсандыгын күбөлөндүргөн жана жеңилдетилген шарттарда медициналык кызмат алууга укугун тастыктаган документтер, (б) БМСЖ (ҮМБ/ЖДПБ) уюмдарында же ведомстволук медициналык кызматтарда жүргүзүлгөн лабораториялык-диагностикалык изилдөөлөрдүн жыйынтыктары.

56. Бейтапта Үй-бүлөлүк медицина борборлорунан/Үй-бүлөлүк дарыгерлер топторунан, Жалпы дарыгердик практика борборлорунан керектүү анализдер жана стационардык дарылануууга жолдомо болгон учурда бейтап стационарлардын консультациялык-диагностикалык бөлүмдөрүндө кайталап текшерүүсүз ооруканага жаткырылат.

57. Бейтаптарды пландуу госпиталдаштыруу бейтаптын кошумча төлөмдү төлөөсү менен жүргүзүлөт, анын өлчөмү бейтаптын жеңилдиктерге укуктарына, оорунун профилине жана көрсөтүлгөн кызматка жараша дифференцияланат.

58. Оорунун профилине жана көрсөтүлгөн кызматка жараша кошумча төлөмдүн төмөнкүдөй түрлөрү белгиленет:

- терапиялык профилдеги кошумча төлөм;
- хирургиялык профилдеги кошумча төлөм.

Төмөнкү медициналык кызмат көрсөтүүлөр терапиялык профилдеги акыга теңдештирилет:

саламаттык сактоо жаатындагы ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган тарабынан бекитилген арзан баадагы хирургиялык жана гинекологиялык операциялардын жана манипуляциялардын тизмеси боюнча операциялар жана манипуляциялар;

хирургиялык жана гинекологиялык профилдеги бөлүмдөрдө, операциясыз дарылоо.

59. Пландуу стационардык дарылануула кошумча төлөмдүн өлчөмү саламаттык сактоо уюмунун деңгээли боюнча дифференцияланат.

3-таблица

Пландуу госпиталдаштырууда кошумча төлөмдүн өлчөмдөрү

| **Кошумча төлөмдүн түрлөрү** | | | Республикалык стационарлардан башка стационарлар | Республикалык стационарлар |
|---|---|---|---|---|
| Терапиялык профилдеги кошумча төлөм | Ооруканага жаткырууга жолдомо бар болсо | Минималдык деңгээл | 330 | 330 |
| | | Жеңилдетилген деңгээл | 840 | 1160 |
| Хирургиялык профилдеги кошумча төлөм | Ооруканага жаткырууга жолдомо бар болсо | Минималдык деңгээл | 430 | 430 |
| | | Жеңилдетилген деңгээл | 1090 | 1510 |

60. Пландуу стационардык жардам көрсөтүүнүн шарттары:

- ушул программанын 17-параграфынын II жана III бөлүмдөрүндө көрсөтүлгөн жарандар үчүн акысыз, бирок жылына экиден ашык пландуу ооруканага жаткырылбайт (6 жашка чейинки курактагы балдарды кошпогондо), кийинки пландуу ооруканага жаткырууда оорунун профилине жараша жеңилдетилген кошумча төлөм жүргүзүлөт;

- оорунун профилине жараша дарыланган учурдун наркынан минималдуу акы төлөө шарты менен төмөнкү жарандарга:

70 жашка чейинки пенсионерлерге;

ай сайын социалдык жөлөк пул алуучу адамдарга;

- ушул Программанын 17-параграфынын I бөлүмүндө көрсөтүлгөн жарандар үчүн оорунун профилине жараша дарыланган учурдун наркынан жеңилдетилген деңгээлде кошумча төлөмдү төлөө шарты менен;

- камсыздандырылбаган жарандар жана жолдомосу жок жарандар, жеңилдиктерге укугу бар-жогуна карабастан, жарандарды базалык мамлекеттик жана милдеттүү медициналык камсыздандыруу жаатындагы мамлекеттик саясатты ишке ашыруучу аткаруу бийлигинин мамлекеттик органы тарабынан бекитилген оорунун профили боюнча дарыланган учурдун наркынын өлчөмүндө кошумча төлөм төлөшөт. Дарыланган учурдун наркы төмөнкү формула боюнча эсептелет:

ДУН=((БС * Кммк)*КЧТ)+ОКТ

ДУН – дарыланып чыккан учурдун наркы;

БС – ар бир дарыланган учур үчүн ооруканаларды каржылоонун базалык ставкасы;

Кммк - камсыздандырылган жарандар үчүн базалык ставкага түзөтүү коэффициенти;

КЧТ- бардык клиникалык-чыгымдоочу топтор боюнча орточо салмактанып алынган жыйынды чыгымдарды чагылдыруучу чыгымдын сыйымдуулук коэффициенти;

ОКТ –орточо деңгээлдеги кошумча төлөм

61.Стационардык дарыланууда зарыл болгон консультацияларды, лабораториялык жана диагностикалык изилдөөлөрдү (кымбат баалуу изилдөөлөрдү жана манипуляцияларды кошпогондо) жүргүзүү үчүн кошумча акы алууга жол берилбейт.

62. Төрөткө келген аялдарды, төрөттөн кийинки татаалдашуу менен, кош бойлуулуктун патологиясы менен келген аялдарды ооруканага жаткыруу акысыз жүргүзүлөт.

63. Стационардык дарылоодо бейтаптарды дарылар менен камсыз кылуу Жашоо үчүн маанилүү дары каражаттарынын тизмесинин алкагында клиникалык протоколдорго/клиникалык колдонмолорго ылайык саламаттык сактоо уюмдары тарабынан жүзөгө ашырылат.

Мындан тышкары, стационардын профилине жана өзгөчөлүгүнө ылайык Жашоо үчүн маанилүү дары каражаттарынын тизмесине кирген генерикалык дары каражаттарынын санынын 20%на чейин кошумча дары каражаттарын жана медициналык буюмдарды сатып алууга жол берилет. Дары каражаттарынын жана медициналык буюмдардын ооруканалык тизмеси жашоого маанилүү дары-дармек каражаттарынын тизмесинин кайра каралышына жараша кайра каралат, ММК фондунун аймактык башкармалыктары менен макулдашуу боюнча саламаттык сактоо уюмунун жетекчиси тарабынан бекитилет.

## § 10. Амбулаториялык шарттардагы гемодиализ кызматы

64. Бешинчи баскычтагы өнөкөт бөйрөк жетишсиздиги менен ооруган Кыргыз Республикасынын жарандары үчүн гемодиализ кызматтары менчигинин түрүнө карабастан милдеттүү медициналык камсыздандыруу жаатындагы ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган менен Бирдиктүү төлөөчү системасында гемодиализ кызматын көрсөтүүгө келишим түзгөн саламаттык сактоо уюмдарында көрсөтүлөт.

65. Бешинчи баскычтагы өнөкөт бөйрөк жетишсиздиги менен ооругандар программалык гемодиализ боюнча кызмат көрсөтүүлөрдү саламаттык сактоо жаатындагы ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдан комиссия өткөн шартта акысыз алышат.

66. Кан тамыр хирургиясы бөлүмдөрү бар саламаттык сактоо уюмдары артерио-веноздук фистула түзүүнү акысыз негизде жүргүзүшөт.

## § 11. Адистештирилген психиатриялык жардам

67.Адистештирилген психиатриялык жардам амбулаториялык шартта төмөнкүлөр тарабынан көрсөтүлөт:

- үй-бүлөлүк медицина борборлору;
- жалпы дарыгерлик практикалык борборлору;
- үй-бүлөлүк дарыгерлер топтору;
- психикалык ден соолук борборлору.

68. Психикалык ден соолук борборлорунун АДБ/КДБсында амбулаториялык шарттарда адистештирилген психиатриялык жардам көрсөтүүнүн шарттары:

Лабораториялык-диагностикалык изилдөөлөр жана консультациялык-дарылоочу жардам төмөнкүлөргө акысыз көрсөтүлөт:

- психикасынын бузулуусунан жабыркаган адамдарга;
- балдарга 18 жашка чыкканга чейин;
- контракт боюнча кызмат өтөгөн аскер кызматчыларына (офицерлер, прапорщиктер, старшиналар, сержанттар жана катардагы курам) жана мөөнөттүү кызматтын аскер кызматчыларына;
- аскердик кызмат өтөөнүн натыйжасында майып болгон интернационалист аскерлерге;
- Чернобыль атомдук электростанциясындагы кыйроонун кесепеттерин жоюунун катышуучуларына жана анын натыйжасында майып болгондорго;
- сот же тергөө органдарынын чечими боюнча баштапкы психиатриялык күбөлөндүрүүдөн, баштапкы соттук-психиатриялык

экспертизадан, баштапкы соттук-психологиялык жана баштапкы соттук-психологиялык-психиатриялык экспертизадан өтүп жаткан адамдарга;

- адамдарды сатуунун курмандыгы болгон адамдар;
- ай сайын социалдык жөлөкпул алуучу адамдарга.

Адамдардын калган категорияларына, ошондой эле сот же болбосо тергөө органдарынын чечими боюнча кайрадан психиатриялык күбөлөндүрүүдөн, кайрадан соттук-психиатриялык экспертизадан, кайрадан соттук-психологиялык жана кайрадан соттук-психологиялык-психиатриялык экспертизадан өтүп жаткан адамдарга лабораториялык-диагностикалык изилдөөлөр жана консультативдик-дарылоо жардамы баалардын прейскуранты боюнча медициналык кызматтардын толук наркын төлөө менен көрсөтүлөт.

69. Стационардык шартта адистештирилген психиатриялык жардам психикалык ден соолук борборлору тарабынан көрсөтүлөт.

70. Стационардык адистештирилген психиатриялык жардам көрсөтүүнүн шарттары:

- психикалык жактан жабыркаган бейтаптарды ооруканага жаткыруу бекер;

бейтаптарды психосоматика жана наркология бөлүмдөрүнө госпиталдаштыруу терапиялык профилдеги кошумча төлөмдү төлөө менен жүргүзүлөт.

Жөлөкпулдарга укуктардын болушуна жараша дифференцияланган кошумча төлөмдөрдүн өлчөмдөрү ушул Программанын 59-пунктунда (стационардык жардам) берилген.

## § 12. Адистештирилген онкологиялык жана гематологиялык жардам

71. Амбулаториялык шарттарда адистештирилген онкологиялык жана гематологиялык жардам төмөнкүлөр тарабынан көрсөтүлөт:

- үй-бүлөлүк медицина борборлору;
- жалпы дарыгерлик практикалык борборлору;
- үй-бүлөлүк дарыгерлер топтору;
- Адистештирилген онкологиялык жана гематологиялык жардам көрсөтүүчү саламаттык сактоо уюмдары.

72. ҮМБ/ЖДПБларда төмөнкү оорулуулар менен ооругандарга диспансердик байкоо жүргүзүлөт:

- онкологиялык оорулар менен;
- курч кармаган жана өнөкөт лейкоздор менен;
- гемофилия менен;
- залалдуу лимфомалар менен, анын ичинде лимфогрануленатоз менен;

- апластиялык анемия менен;

- миелодисиластикалык синдромдор менен.

73. Диспансердик байкоо төмөнкүлөрдү камтыйт:

- бейтаптын абалын баалоо, даттануударды жана анамнезди чогултуу, физикалык изилдөө, лабораториялык жана аспаптык изилдөөлөрдү дайындоо жана баалоо;

- оорунун диагнозун аныктоо же тактоо;

- дарылоону кармануунун жана мурда дайындалган дарылоонун натыйжалуулугун баалоо, жүргүзүлүп жаткан дарылоону зарыл болгондо түзөтүү, ошондой эле бейтаптын дарыланууга болгон умтулуусун жогорулатуу;

- өмүрүнө коркунуч туудурган оорунун же абалдын (оорулардын тобунун же абалдарынын) өрчүп кетүү коркунучу жогору болгон адамдарга, ошондой эле аны менен чогуу жашаган адамдарга оорунун өрчүп кетүүсүндө иш-аракеттердин эрежелерин жана медициналык тез жардамды өз убагында чакыруу зарылдыгын түшүндүрүү жана кыскача профилактикалык консультация берүү;

-медициналык көрсөткүчтөр боюнча кошумча профилактикалык, диагностикалык, дарылоо жана калыбына келтирүүчү иш-чараларды дайындоо, анын ичинде бейтапты адистештирилген, анын ичинде жогорку технологиялуу медициналык жардам көрсөтүүчү медициналык уюмга жөнөтүү.

74. Диспансердик байкоо акысыз жүргүзүлөт.

75. Адистештирилген онкологиялык жана гематологиялык жардам көрсөтүүчү саламаттык сактоо уюмдарында лабораториялык-диагностикалык изилдөөлөр жана консультациялык-дарылоочу жардам клиникалык-диагностикалык бөлүмдөрдүн адистери тарабынан көрсөтүлөт.

76. Адистештирилген лабораториялык-диагностикалык изилдөөлөрдү жана консультациялык-дарылоо жардамын көрсөтүүнүн шарттары:

1) акысыз:

- каттоодо турган адамдарга;

- 18 жашка чейинки балдарга;

- Улуу Ата Мекендик согуштун катышуучуларына жана майыптарына, Ленинград блокадачыларына, концлагерлердин жашы жете элек туткундарына;

- контракт менен кызмат өтөгөн аскер кызматчыларына (офицерлер, прапорщиктер, старшиналар, сержанттар жана катардагы курам) жана мөөнөттүү кызматтын аскер кызматчыларына;

- аскердик кызмат өтөөнүн натыйжасында майып болгон интернационалист аскерлерге;

- Чернобыль атомдук электростанциясындагы кыйроонун кесепетин жоюунун катышуучуларына жана анын натыйжасында майып болгондорго;

- 16 жашка чейинки балдары бар, ай сайын «үй-бүлөгө көмөк» жөлөкпулун алуучу адамдарга;

- ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген жана эмгектик майып болуунун, кесиптик же жалпы оорунун кесепетинен I топтогу майыптыгы бар адамдарга;

- адамдарды сатуунун курмандыгы болгон адамдарга;

- курч кармаган жана өнөкөт лейкоз менен ооругандарга;

- гемофилия менен ооругандарга;

- залалдуу лимфомалар, анын ичинде лимфогранулематоз менен ооругандарга;

- апластиялык анемия менен ооругандарга;

- миелодиспластикалык синдромдор менен ооругандарга.

Калган категориядагы адамдарга лабораториялык-диагностикалык изилдөөлөр жана консультациялык-дарылоо жардамы монополияга каршы саясат боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган менен макулдашуу боюнча саламаттык сактоо жаатындагы ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган тарабынан бекитилген Баалардын прейскуранты боюнча медициналык кызматтын толук наркын төлөө менен көрсөтүлөт.

77. Стационардык шарттарда пландуу адистештирилген онкологиялык жардам адистештирилген онкологиялык жардам көрсөтүүчү саламаттык сактоо уюмдары тарабынан көрсөтүлөт:

1) акысыз:

- 18 жашка чейинки курактагы балдарга;

- Улуу Ата Мекендик согуштун катышуучуларына жана майыптарына, Ленинград блокадачыларына, концлагерлердин жашы жете элек туткундарына;

- аскердик кызмат өтөөнүн натыйжасында майып болгон интернационалист аскерлерге;

- Чернобыль атомдук электростанциясындагы кыйроонун кесепетин жоюуга катышкандарга жана анын натыйжасында майып болгондорго;

- 12 айдын ичинде кайталап операцияга жүргүзүүгө жана кайталап нур менен дарылоого муктаж болгон адамдарга;

- адамдарды сатуунун курмандыгы болгон адамдарга;

- мөөнөттүү кызматтын аскер кызматчыларына.

2) минималдык деңгээлдеги кошумча төлөмдү төлөө шарты менен:

- пенсионерлерге жана 70 жаштан ашкан эмгек ардагерлерине;

- бала чагынан ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген адамдарга;

- 16 жашка чейинки балдары бар, ай сайын «үй-бүлөгө көмөк» жөлөкпулун алуучу адамдарга;

- ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген жана эмгектик майып болуунун, кесиптик же жалпы оорунун кесепетинен I топтогу майыптыгы бар адамдарга;

3) жеңилдетилген деңгээлдеги кошумча төлөмдү төлөө шарты менен:

-милдеттүү медициналык камсыздандыруу менен камсыздандырылган жарандарга;

- контракт боюнча кызмат өтөгөн аскер кызматчыларына (офицерлер, прапорщиктер, старшиналар, сержанттар жана катардагы курам);

Калган категориядагы адамдарга пландуу адистештирилген онкологиялык жардам дарыланган учурдун толук наркын төлөгөн шартта көрсөтүлөт.

78. Жеңилдиктерге укуктары бар экендигине, оорунун профилине, стационардык шартта көрсөтүлгөн кызматтын түрүнө жараша кошумча төлөмдүн дифференцияланууучу өлчөмдөрү ушул Мамлекеттик кепилдиктер программасынын 4-таблицасында көрсөтүлдү. Оорунун профилине жана көрсөтүлгөн кызматка жараша төмөнкүлөр белгиленет:

- терапиялык профилдеги кошумча төлөм;

- хирургиялык профилдеги кошумча төлөм.

79. Стационардык дарылоодо химиотерапия жана паллиативдик жардам бөлүмдөрүндө дарыланып жаткан бейтаптардан, ошондой эле күндүзгү стационарда химиотерапия жана нур терапиясын алган бейтаптардан кошумча төлөм алынбайт.

4-таблица.

Адистештирилген онкологиялык жардам көрсөтүүчү саламаттык сактоо уюмдарында кошумча төлөмдүн деңгээли

| № | Профиль | Кошумча төлөмдүн түрлөрү | Стационарда дарылануудагы кошумча төлөмдүн өлчөмү (сом менен) | Химия жана нур терапиясынан тышкары күндүзгү стационарда дарылануу үчүн кошумча төлөмдүн өлчөмү |
|---|---|---|---|---|

| | | | | (сом менен) |
|---|---|---|---|---|
| 1 | Терапиялык | Минималдуу деңгээл | 1093 | 546 |
| | | Жеңилдетилген деңгээл | 4198 | 2099 |
| 2 | Хирургиялык | Минималдуу деңгээл | 3188 | 1596 |
| | | Жеңилдетилген деңгээл | 12220 | 3055 |

80.Стационардык дарылоодо зарыл болгон консультацияларды, лабораториялык жана диагностикалык изилдөөлөрдү, нур терапиясын жүргүзүү үчүн кошумча акы алууга жол берилбейт.

81. Онкологиялык оорулуулар үчүн химиялык препараттарды сатып алуу республикалык бюджеттин каражаттарынын, милдеттүү медициналык камсыздандыруу каражаттарынын жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына каршы келбеген каржылоонун башка булактарынын эсебинен жүргүзүлөт.

82. Стационардык шартта план боюнча адистештирилген гематологиялык жардам адистештирилген гематологиялык жардам көрсөтүүчү саламаттык сактоо уюмдары тарабынан төмөнкүчө көрсөтүлөт:

1) акысыз:

- курч кармаган жана өнөкөт лейкоз менен ооругандарга;
- гемофилия менен ооругандарга;
- залалдуу лимфомалар, анын ичинде лимфогранулематоз менен ооругандарга;
- апластиялык анемия менен ооругандарга;
- миелодиспластикалык синдромдор менен ооругандарга;
- Улуу Ата Мекендик согуштун катышуучуларына жана майыптарына, Ленинград блокадачыларына, концлагерлердин жашы жете элек туткундарына;
- аскердик кызмат өтөөнүн натыйжасында майып болгон интернационалист аскерлерге;
- Чернобыль атомдук электростанциясындагы кыйроонун кесепетин жоюуга катышкандарга жана анын натыйжасында майып болгондорго;
- мөөнөттүү кызматтын аскер кызматчыларына.

2) минималдык деңгээлдеги кошумча төлөмдү төлөө шарты менен:

Чернобыль атомдук электростанциясындагы кыйроонун кесепетинен жабыр тарткан адамдардын балдарына (18 жашка чейинки);

- пенсионерлерге жана 70 жаштан ашкан эмгек ардагерлерине;

- бала чагынан ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген адамдарга;

- ай сайын социалдык жөлөкпул алуучу адамдарга;

3) жеңилдетилген деңгээлдеги кошумча төлөмдү төлөө шарты менен:

-милдеттүү медициналык камсыздандыруу менен камсыздандырылган жарандарга;

- контракт боюнча кызмат өтөгөн аскер кызматчыларына (офицерлер, прапорщиктер, старшиналар, сержанттар жана катардагы курам).

Калган категориядагы адамдарга пландуу адистештирилген онкологиялык жардам дарыланган учурдун толук наркын төлөгөн шартта көрсөтүлөт.

5-таблица

Стационардын шартында гематологиялык кызмат көрсөтүү үчүн кошумча төлөмдүн өлчөмдөрү

| № | Кошумча төлөмдүн түрлөрү | Стационардагы кошумча төлөмдүн өлчөмү (сом менен) |
|---|---|---|
| 1 | Минималдуу деңгээл | 330 |
| 2 | Жеңилдетилген деңгээл | 1190 |

## § 13. Паллиативдик жардам

83. Паллиативдик жардам менчигинин түрүнө карабастан саламаттык сактоо уюмдарында оорунун терминалдык баскычындагы (өмүр менен өлүмдүн ортосундагы чек ара абалы) дене-бой же психикалык мүмкүнчүлүктөрү кыйла чектелген жана интенсивдүү симптоматикалык терапияга, психосоциалдык жардамга, узак мөөнөттүү башка бирөөнүн багуусуна муктаж болгон инкурабелдик оорулууларга көрсөтүлөт.

84. Паллиативдик жардам көрсөтүүнүн тартиби Кыргыз Республикасынын саламаттык сактоо жаатындагы ыйгарым укуктуу мамлекеттик органы тарабынан белгиленет.

## § 14. Амбулаториялык шарттарда жана стационардык деңгээлде адистештирилген кардиохирургиялык жардам

### § 14. 1. Стационарлардын АДБ / КДБсында адистештирилген кардиохирургиялык жардам

85. Амбулаториялык шарттарда жарандарга пландуу адистештирилген кардиохирургиялык жардам эгерде көрсөткүчтөр

болсо ооруканага жаткырууга жиберилгенге чейин саламаттык сактоо уюмунун АДБ/КДБ адистери тарабынан көрсөтүлөт.

86. Пландуу лабораториялык-диагностикалык манипуляциялар, консультативдик-дарылоо кызматтары стационарга жаткыруу зарыл болгон шартта изилдөө жүргүзгөн адистештирилген медициналык кардиохирургиялык жардам көрсөтүүчү саламаттык сактоо уюмунун консолидацияланган бюджетинин каражаттарынын эсебинен көрсөтүлөт:

1) акысыз, бирок жылына эки жолудан ашык эмес:

- жашоо көрсөткүчтөрү боюнча кардиохирургиялык жардамды талап кылган шарттарда 1 жашка чейинки балдарга;

-мамлекеттик балдар үйлөрүндө, үй-бүлөлүк балдар үйлөрүндө (багып алуучу үй-бүлөлөрдө), жетим балдар жана ата-энесинин камкордугусуз калган балдар үчүн жатак үйлөрдө жашаган жетим балдарга;

- кары-картаңдар жана ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген адамдар үчүн интернат үйлөрүндө жашаган адамдарга;

- кош бойлуу аялдарга жана төрөттөн кийинки 10 жуманын ичинде жашоо көрсөткүчтөрү боюнча кардиохирургиялык жардамды талап кылган шарттарда.

2) прейскурант боюнча адистештирилген медициналык кардиохирургиялык жардам көрсөтүүнүн наркынын 50 пайызы өлчөмүндө төлөө менен, бирок жылына эки пландуу текшерүүдөн көп эмес:

- Чернобыль атомдук электростанциясындагы кыйроонун кесепетинен жабыркагандарга;

- Даун синдрому менен ооруган адамдарга;

- 1-топтогу майыптыгы аныкталган ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү адамдарга;

- балдардын церебралдык шал оорусу менен ооруган адамдарга;

- жүрөгүнө кайталап операция жасатууга муктаж болгон адамдарга, мурда жасалган операциядан кийин кыйынчылыктар пайда болгондо (3 айдан кеч эмес).

Жарандардын калган категорияларына пландуу адистештирилген кардиохирургиялык жардам монополияга каршы саясат боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган менен макулдашуу боюнча саламаттык сактоо жаатындагы ыйгарым укуктуу орган тарабынан бекитилген Баалардын прейскуранты боюнча медициналык кызмат көрсөтүүнүн акысын толук төлөө шарты менен көрсөтүлөт.

## § 14.2. Стационардык деңгээлде адистештирилген кардиохирургиялык жардам

87. Стационардык деңгээлде пландуу адистештирилген кардиохирургиялык жардам адистештирилген медициналык кардиохирургиялык жардам көрсөтүүчү саламаттык сактоо уюмдары тарабынан көрсөтүлөт жана ушул Программанын 86-пунктуна ылайык жарандардын категорияларынын тизмеси боюнча жарандарга жеңилдетилген шарттарда көрсөтүлөт.

88. Стационардык деңгээлде пландуу адистештирилген кардиохирургиялык жардам көрсөтүүнүн шарттары:

1) акысыз:

– жашоо көрсөткүчтөрү боюнча кардиохирургиялык жардамды талап кылган шарттарда 6 жашка чейинки балдарга;

– мамлекеттик балдар үйлөрүндө, үй-бүлөлүк балдар үйлөрүндө (багып алуучу үй-бүлөлөрдө), жетим балдар жана ата-энесинин камкордугусуз калган балдар үчүн жатак үйлөрдө жашаган жетим балдарга;

– кары-картаңдар жана ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген адамдар үчүн интернат үйлөрүндө жашаган адамдарга;

– 18 жашка чейинки Даун синдрому менен ооруган балдарга;

– балдардын церебралдык шал оорусу менен ооруган 18 жашка чейинки балдарга;

– 1-топтогу майыптыгы аныкталган ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү адамдарга;

– кош бойлуу аялдарга жана төрөттөн кийинки 10 жуманын ичинде жашоо көрсөткүчтөрү боюнча кардиохирургиялык жардамды талап кылган шарттарда;

– социалдык өнүктүрүү органдарынан маалымкат көрсөтүлгөндө билим берүү уюмдарында окуп жаткан 16 жашка чейинки аз камсыз болгон үй-бүлөлөрдүн балдарына алар окуусун аяктаганга чейин, бирок алар 18 жашка чыкканга чейин;

– жүрөгүнө кайталап операция жасатууга муктаж адамдарга, мурда жасалган операциядан кийин 3 айдан кечиктирбестен Дарылоо-контролдоо комиссиясынын чечими боюнча операция жасаган саламаттык сактоо уюмунун консолидацияланган бюджетинин каражаттарынын эсебинен.

2) Адистештирилген кардиохирургиялык медициналык кызматтын прейскуранты боюнча толук наркынан 50% жеңилдик менен:

– 70 жаштан ашкан пенсионерлерге жана эмгек ардагерлерине;

– Баатыр энелерге.

Жарандардын калган категорияларына пландуу адистештирилген кардиохирургиялык жардам монополияга каршы саясат боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган менен макулдашуу боюнча саламаттык сактоо жаатындагы ыйгарым укуктуу орган тарабынан бекитилген Баалардын прейскуранты боюнча медициналык кызмат көрсөтүүнүн акысын толук төлөө шарты менен көрсөтүлөт.

89. Мурда жасалган операциядан кийин (3 айдан кеч эмес) татаалдыктар пайда болгон учурда, жарандарды пландуу адистештирилген кардиохирургиялык жардам көрсөтүүчү саламаттык сактоо уюмунун терапия бөлүмүнө госпиталдаштырууда, акысыз жана адистештирилген кардиохирургиялык кызмат көрсөтүүнүн прейскуранты боюнча толук нарктан 50% жеңилдик менен дарылана турган адамдардан башкасынан, ушул Программанын 58-пунктуна ылайык кошумча төлөм алынат.

## § 15. Иммунопрофилактика / эмдөө

90. Иммунопрофилактика/эмдөө саламаттык сактоо жаатындагы ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган бекиткен профилактикалык эмдөөлөрдүн жана эпидемиологиялык көрсөткүчтөр боюнча эмдөөлөрдүн улуттук календарынын алкагында жүргүзүлөт.

91. Профилактикалык эмдөөлөрдүн жана эпидемиологиялык көрсөткүчтөр боюнча эмдөөлөрдүн улуттук календарынын алкагында жүргүзүлүүчү иммунопрофилактика/эмдөө мамлекеттик санитардык-эпидемиологиялык көзөмөлдөө борборлору, үй-бүлөлүк медицина борборлору, жалпы дарыгерлик практикалык борборлор, стационарлар тарабынан ишке ашырылат.

92. Каралган жеңилдиктер жана көрсөтүлгөн медициналык жардамды алуу шарттары боюнча иммунопрофилактика/эмдөө бардык жарандарга акысыз жүргүзүлөт.

## § 16. Медициналык жардамдын жогорку технологиялык (кымбат баалуу) түрлөрү фондунун эсебинен көрсөтүлүүчү медициналык жардам

93. Дарылоонун жогорку технологиялык жана кымбат баалуу ыкмаларына муктаж болгон жарандар Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети белгилеген тартипте Медициналык жардамдын жогорку технологиялык (кымбат баалуу) түрлөрү фондунун каражаттарынын эсебинен жарым-жартылай же толугу менен акы төлөө менен дарылана алышат.

## § 17. Мамлекеттик кепилдиктер программасы боюнча амбулаториялык деңгээлде жана стационарларда акысыз жана жеңилдетилген шарттарда медициналык-санитардык жардам алууга укугу бар жарандардын категорияларынын тизмеси

### I бөлүк.

### ММК боюнча камсыздандырылган Мамлекеттик кепилдиктер программасы боюнча медициналык-санитардык жардамды акысыз жана жеңилдетилген шарттарда алууга укугу бар жарандардын категориялары

1. Милдеттүү медициналык камсыздандыруусуна төгүмдөрдү төлөп жаткан иштеген жарандар.
2. ММК полиси бар адамдар, анын ичинде милдеттүү медициналык камсыздандыруу боюнча төгүмдү өз алдынча төлөгөндөр.
3. Милдеттүү медициналык камсыздандыруу боюнча төгүмдөрдү төлөөчү дыйкан (фермер) чарбасынын мүчөлөрү
4. 70 жашка чейинки курактагы пенсионерлер.
5. 16 жашка чейинки курактагы балдар (жалпы билим берүү мекемелеринин окуучулары - окууну бүткөнгө чейин, бирок алар 18 жашка чыкканга чейин).
6. Калкты иш менен камсыз кылуучу мамлекеттик кызмат органдарында расмий катталган жумушсуздар.
7. Орто жана жогорку окуу жайларынын күндүзгү окуу бөлүмдөрүнүн 21 жашка чейинки студенттери.
8. Кыргыз Республикасынын аскер кызматчылары.

### II бөлүк

### Социалдык макамы боюнча амбулаториялык деңгээлде жана стационарларда медициналык-санитардык жардамды акысыз алууга укугу бар жарандардын категориялары

1. Улуу Ата Мекендик согуштун катышуучулары.
2. Баткен окуяларынын майыптары.
3. Кыргыз Республикасынын, Советтер Союзунун Баатырлары.
4. Концлагерлердин жашы жете элек туткундары.
5. Ленинград шаарынын блокадачылары.
6. Советтик Армиянын майыптары.
7. Башка мамлекеттердин аймагында согуш аракеттеринин катышуучулары жана майыптары.
8. Чернобыль АЭСиндеги авариянын кесепетинен жабыр тартышкан жарандар (радиациялык аварилардын кесепеттеринен улам пайда болгон оорулардан жапа чеккендер;

1986-1987-жылдары Чернобыль АЭСиндеги авариялардын кесепеттерин жоюу боюнча иштерге катышкан адамдар, ошондой эле майып болуусу Чернобылдагы кыйроого байланыштуу экендиги аныкталгандар; 1988-1989-жылдары Чернобыль АЭСиндеги авариянын кесепеттерин жоюу боюнча жумуштарга катышкан адамдар; Чернобыль АЭСиндеги аварияны жоюуда курман болгондордун жана Чернобыль АЭСиндеги авариянын кесепетинен улам пайда болгон оорулардан каза болгондордун үй-бүлөлөрү; Кыргыз Республикасына 1986-жылы четтетүү зонасынан эвакуацияланган (өз ыктыяры менен келген) же көчүрүлгөн, ошондой эле 1986-жылы жана андан кийинки жылдары көчүрүү зонасынан өз ыктыяры менен келген адамдар; Чернобыль АЭСиндеги авариядан кийин жашап турган аймагынан ыктыярдуу түрдө Кыргыз Республикасына көчүү укугу менен келгендер; көчүрүү зонасында, көчүрүү укугу менен жашаган зонасында кызмат өтөгөн аскер кызматчылары жана ички иштер органдарынын жетектөөчү жана катардагы курамындагы адамдар; ажыратуу, көчүрүү жана жашап туруу зонасынан Кыргыз Республикасына көчүү укугу менен эвакуацияланышкан же көчүрүлүшкөн балдар жана 18 жашка чейинки өспүрүмдөр, анын ичинде эвакуация мезгилинде энесинин курсагында болгондор, ошондой эле жогоруда көрсөтүлгөн жарандардын биринчи жана кийинки муундагы балдары).

9. Улуу Ата Мекендик согуш жылдарында ооруктагы күжүрмөн эмгеги жана кынтыксыз аскердик кызматы үчүн СССРдин орден жана медалдары менен сыйланган жарандар.

10. Улуу Ата Мекендик согуш жылдарында күч менен мыйзамсыз түрдө жумушчу колонналарына (эмгек армиясына) тартылышып, кийин реабилитацияланган жарандар.

11. Реабилитацияланган жарандар.

12. Улуу Ата Мекендик согуштун катышуучуларынын жана майыптарынын жесирлери.

13. Ленинград шаарынын блокадачыларынын жесирлери.

14. Курман болгон аскер кызматчыларынын үй-бүлөлөрү.

15. Улуу Ата Мекендик согушта курман болгон жоокерлердин үй-бүлөлөрү.

16. Ички иштер органдарынын курман болгон кызматкерлеринин үй-бүлөлөрү.

17. Эмгектик, ошондой эле кесиптик же жалпы оорунун кесепетинен I жана II топтогу майыптыгы бар ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген адамдар.

18. Көрүү жана угуу боюнча ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген адамдар.

19. «Үй-бүлөгө көмөк» жөлөк пулун алуучулар.
20. 18 жашка чейинки ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген балдар.
21. ВИЧ/СПИД менен жашашкан адамдар
22. ВИЧ-СПИД менен ооруган энелерден төрөлгөн балдар.
23. Бала кезинен ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү адамдар (I-III топтогулар).
24. Багуучусунан ажыраган учурда балдар.
25. Мамлекеттик балдар үйүндө, үй-бүлөлүк балдар үйүндө (кабыл алган үй-бүлөлөрдө), жетим балдар жана ата-энелеринин камкордугунан ажыраган балдар үчүн үй-интернаттарда жашашкан жетим балдар.
26. "Баатыр эне" ордени жана "Мать-героиня" ордени менен сыйлангандар.
27. 6 жашка чейинки балдар.
28. Ата-энелеринин камкордугусуз калган балдар үйүнүн, үй-интернаттардын 23 жашка чейинки бүтүрүүчүлөрү.
29. Кыргыз Республикасынын 70 жаштагы жана андан жогору курактагы пенсионерлери.
30. Аскердик-врачтык комиссиялар тарабынан амбулаториялык деңгээлде медициналык текшерүүгө же стационардык шартта дарылануута жиберилген анык аскердик кызматка чакырылууга тийиш болгон жарандар.
31. Мөөнөттүү кызматтын аскер кызматчылары, эгерде аскер кызматын өтөп жаткан мезгилде ведомстволук саламаттык сактоо мекемелеринде квалификациялуу медициналык жардам көрсөтүү мүмкүнчүлүгү жок болсо.
32. Баштапкы тергөөдөгү адамдар, ошондой эле жаза мөөнөтүн өтөп жаткандар, бейтаптын өмүрүнө коркунуч жаратуучу кечиктирилгис абал пайда болгон учурларда, эгерде аларга пенитенциардык системанын медициналык кызматтарында, Кыргыз Республикасынын Улуттук коопсуздук мамлекеттик комитетинин тергөө изоляторунда, Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлигинин убактылуу кармоочу изоляторунда медициналык жардам көрсөтүүгө мүмкүн болбосо;
33. Карылар үчүн жатак үйлөрдө жашаган жарандар;
34. 2002-жылдын 17-мартында Жалал-Абад облусунун Аксы районундагы, 2010-жылдын 6-апрелинде Талас облусундагы, 2010-жылдын 7-апрелинде Бишкек жана Нарын шаарларындагы, 2010-жылдын 13, 14, 19-майында Жалал-Абад облусундагы жана 2010-жылы Ош шаарындагы, Ош жана Жалал-Абад облустарындагы июнь окуяларында курман болгон жана дайынсыз жоголгондордун үй-бүлө мүчөлөрү (ата-энелери (атасы, энеси) пенсиялык куракка жеткенге чейин, эгерде

курман болгон адам алардын жалгыз баласы болсо; балдары он сегиз жашка чыккыча), ден соолугуна өтө оор, анча оор эмес жеңил зыян тартып, анысы соттук-медициналык экспертизанын тиешелүү корутундусу менен ырасталгандар; алган жаракаттарынын кесепетинен ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген адам катары таанылгандар.

35. Кыргыз Республикасына ыктыярдуу түрдө көчүп келген этникалык кыргыздар кайрылман статусу бар болсо.

36. Пенитенциардык жана пенитенциардан кийинки пробациянын кардарлары.

## III бөлүк.

## Амбулаториялык деңгээлде жана стационарларда негизги оорусунун клиникалык көрсөткүчтөрү боюнча медициналык-санитардык жардамды акысыз алууга укугу бар жарандардын категориялары

1. Кош бойлуулук боюнча каттоодо турган аялдар.
2. Кош бойлуулук патологиясы бар, стационардык дарылоодогу аялдар (негизги диагнозу боюнча).
3. Социалдык жана медициналык көрсөткүчтөр боюнча бойдон алдыруу үчүн келишкен аялдар.
4. Төрөө үчүн келген аялдар.
5. Төрөттөн кийинки 10 жуманын ичинде төрөттөн кийинки татаалдашуудан жапа чеккен аялдар,.
6. Кургак учук менен ооругандар.
7. Бронханын астмасы менен ооругандар.
8. Терминалдык баскычтагы онкологиялык оорулуулар.
9. Психикалык бузулуу менен ооругандар (параноиддик шизофрения, өнөкөт жөөлүү менен байланышкан оорулар, ар кыл генездеги аффективдүү бузулуулар).
10. Талма менен ооругандар.
11. Кант диабети менен ооругандар.
12. Кантсыз диабет менен ооругандар.
13. Өзгөчө коркунучтуу жана карантиндик инфекциялар (ич келте, паратиф, күйдүргү, чума) менен ооруган адамдар жана алар менен байланышта болгондор.
14. Кутурма оорусунан жабыркагандар жана оорулуу менен карым-катышта болуп, кутурма оорусун жуктуруп алуусу мүмкүн болгон адамдар.
15. Менингококктук менингит менен ооругандар.
16. Гемофилия менен ооругандар.
17. Лабораториялык текшерүүлөр менен тастыкталган жана тастыкталбаган коронавирус инфекциясы (COVID-19) менен ооругандар.

18. 4-5-баскычтагы В жана С гепатити менен ооругандар (боордун өнөкөт жетишсиздиги, боордун циррозу).

## § 18. Мамлекеттик кепилдиктер программасынын жүзөгө ашырылышын баалоо жана мониторинг жүргүзүү

94. Мамлекеттик кепилдиктер программасына мониторинг жана баалоо жүргүзүү көрсөтүлүүчү медициналык кызматтын натыйжалуулугун жана сапатын ишке ашырууну баалоо, көрсөтүлүүчү медициналык кызматтын жеткиликтүүлүгү жана сапаты жөнүндө бейтаптардын пикирин изилдөө үчүн клиникалык колдонмолордо/протоколдордо чагылдырылган саламаттык сактоо уюмдары менен келишимдердин аткарылышынын индикаторлорунун негизинде саламаттык сактоо жаатындагы ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган жана милдеттүү медициналык камсыздандыруу жаатындагы ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган тарабынан жүзөгө ашырылат.

2-тиркеме

**Кыргыз Республикасында чет өлкөлүк жарандар жана жарандыгы жок адамдар үчүн медициналык-санитардык жардам**

1. Чет өлкөлүк жарандар жана жарандыгы жок адамдар милдеттүү медициналык камсыздандыруу боюнча камсыздандырылган жана ҮМБ/ ЖДПБга катталган шартта Кыргыз Республикасында медициналык-санитардык жардам ала алышат.

2.Милдеттүү медициналык камсыздандыруу боюнча камсыздандырылган чет өлкөлүк жарандар жана жарандыгы жок адамдар каттоого туруп жана адистин жолдомосу болгондо ушул Программанын 1-тиркемесинде каралган көлөмдө жана шарттарда медициналык кызматты менен алышат, буга төмөнкүлөр кирбейт:

2.1.Ушул Программанын 10-параграфында көрсөтүлгөн амбулаториялык шарттардагы гемодиализ кызматтары. Гемодиализ кызматы медициналык кызматтын баасын толук төлөө менен көрсөтүлөт.

2.2. Химиотерапия бөлүмүндө ушул Программанын 12-параграфынын 78-пунктунда көрсөтүлгөн адистештирилген онкологиялык жардам. Химиотерапия бөлүмүндө медициналык жардам медициналык кызматтын толук акысын төлөө менен жүргүзүлөт.

2.3. Ушул Программанын 14-параграфында көрсөтүлгөн адистештирилген кардиохирургиялык жардам.

2.4. Кургак учук менен ооругандарга абацилляциядан кийин жана терс БК (-) менен көрсөтүлгөн медициналык жардам. Абацилляцияланган бейтаптарга жана кургак учуктун сезгич түрүнө ээ болгондорго медициналык жардам медициналык кызматтын толук наркын төлөө менен көрсөтүлөт.

3. Камсыздандырылган чет өлкөлүк жарандарга жана жарандыгы жок адамдарга Мамлекеттик кепилдиктер программасынан тышкары көрсөтүлүүчү медициналык кызматтар монополияга каршы саясат боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган менен макулдашуу боюнча саламаттык сактоо жаатындагы ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган тарабынан бекитилген медициналык кызматтарга Баалардын прейскуранты боюнча акы төлөнүүчү негизде көрсөтүлөт.

4. Милдеттүү медициналык камсыздандыруу боюнча камсыздандырылбаган чет өлкөлүк жарандарды жана жарандыгы жок адамдарды медициналык тейлөө монополияга каршы саясат боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган менен макулдашуу боюнча саламаттык сактоо жаатындагы мамлекеттик орган тарабынан бекитилген чет өлкөлүк жарандар үчүн медициналык кызматка

баалардын прейскурантына ылайык акы төлөнүүчү негизде жүргүзүлөт.

3-тиркеме

**Евразиялык экономикалык биримдигине мүчө мамлекеттердин эмгекчи-жарандары жана алардын үй-бүлө мүчөлөрү үчүн медициналык-санитардык жардам**

1. Евразиялык экономикалык биримдигине (мындан ары - ЕАЭБ) мүчө мамлекеттердин эмгек мамилелеринде турган жарандары, эгерде аларга карата камсыздандыруучу тарабынан Кыргыз Республикасынын мамлекеттик социалдык камсыздандыруу чөйрөсүндөгү мыйзамдарына ылайык төгүмдөр төлөнсө, камсыздандырылган болуп эсептелет.

2. ЕАЭБге мүчө мамлекеттердин Кыргыз Республикасында иштеген жараны менен туруктуу жашаган эмгекчилеринин үй-бүлө мүчөлөрү Кыргыз Республикасынын жарандары менен бирдей шарттарда ММК полисин сатып алууга укуктуу.

3. Милдеттүү медициналык камсыздандыруу боюнча камсыздандырылган ЕАЭБге мүчө мамлекеттердин эмгекчи-жарандары жана алардын үй-бүлө мүчөлөрү медициналык кызматтарды Кыргыз Республикасында камсыздандырылган жарандар катары ушул Программанын 1-тиркемесинде каралган көлөмдөрдө жана шарттарда алышат, буга төмөнкүлөр кирбейт:

3.1. ушул Программанын 10-параграфында көрсөтүлгөн амбулаториялык шарттардагы гемодиализ кызматтары. Гемодиализ кызматы медициналык кызматтын баасын толук төлөө менен көрсөтүлөт.

3.2. химиотерапия бөлүмүндө ушул Программанын 12-параграфынын 78-пунктунда көрсөтүлгөн адистештирилген онкологиялык жардам. Химиотерапия бөлүмүндө медициналык жардам медициналык кызматтын толук акысын төлөө менен жүргүзүлөт.

3.3. ушул Программанын 14-параграфында көрсөтүлгөн адистештирилген кардиохирургиялык жардам.

3.4. кургак учук менен ооругандарга абациляциядан кийин жана терс БК (-) менен көрсөтүлгөн медициналык жардам. Абацилляцияланган бейтаптарга жана кургак учуктун сезгич түрүнө ээ болгондорго медициналык жардам медициналык кызматтын толук наркын төлөө менен көрсөтүлөт.

4. ЕАЭБге мүчө мамлекеттердин калган жарандарын медициналык тейлөө чет өлкөлүк жарандар катары ушул Программанын 2-тиркемесинин 4-пунктунда көрсөтүлгөн шарттарда көрсөтүлөт.